# Бишкек шаарынын Свердлов районуна караштуу № 53 орто мектебинде 2017–2018–окуу жылында кыргыз тили жана адабияты (окутуу орус жана кыргыз тилинде жүргүзүлгөн) сабагынан аткарылган иштерге жылдык анализ-отчёт

2017-2018-окуу жылы ичинде 4 мугалим кыргыз тили, адабияты сабагын окутуу жана окуучуларды тарбиялоо ишин жүргүзүштү. Жыл аягында мугалимдер курамы өзгөргөн жок. Алардын ичинде бир жаш мугалим бар.

| № | Мугалимдин аты-жөнү | Туулган күнү, айы, жылы | Билими, ЖОЖ канчанчы жылы аяктаган | Диплому боюнча адистиги | Окуткан предмети | Стажы | | Дареги |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | Жалпы | Пед-к | |
| 1 | Аязбекова Акбары Аманбековна | 25-июль 1995-жыл | Жогорку, Ж.Баласагын ат. КУУ, 2017-жыл | Кыргыз тили жана адабияты мугалими | Кыргыз тили жана адабияты | 1 | 1 | Баят ж/к, Васильев ат. көчө 279-үй 0705 84 62 25 |

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда 2 мугалим, окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстарда 2 мугалим кыргыз тили, адабиятынан сабак беришти.

2017-жылдын 15.09.- 05.10. күндөрү кыргыз тили жана адабияты сабагынын декадасы өткөрүлдү. **Декаданын максаты :** Мамлекеттик тилди өнүктүрүү, мугалимдердин ишмердүүлүгүн активдештирүү жана алардын бири-бири менен тажрыйба алмашууларын иш жүзүнө ашыруу.

Декада мугалимдер үчүн "Сабакта жаңы технологияларды колдонуу" темасында мастер–класс менен ачылды. Мастер – класста "**Окутуунун интерактивдүү усулдарынын максатына жана колдонулушуна жараша топторго бөлүнүшү"** баяндалып берилди:

1. Жаңы идеяларды жаратуучу усулдар.
2. Бири-бирин окутуу усулдары.
3. Талкуулап, пикир алышуу усулдары.
4. Өтүлгөн темаларды кайталоо усулдары.
5. Идеяларды графика түрүндө чагылдыруу усулдары.
6. Окуучулардын ой-жүгүртүүсүн, сынчыл ойломун өнүктүрүүчү усулдар.
7. Текст менен иштөө усулдары.
8. Суроо бере билүү усулдары.
9. Салыштыруу усулдары.
10. Берилген тапшырмага ролдоштуруп ойноо аркылуу жооп берүү усулдары.

Улуу манасчы Сагымбай Орозбак уулунун 150 жылдык маарекесине карата дубал гезиттери чыгарылып, 23-сентябрь – Мамлекеттик тил күнүн белгилөө иш-чарасында залкар манасчынын вариантынан үзүндүлөр айтылды.

«Чыңгыз Айтматовдун адабий каармандары» аттуу сүрөт көргөзмөсү 4-7-класстардын окуучуларынын эмгектери аркылуу өткөрүлдү.

Декаданын алкагында 2017-жылдын 18-30-сентябрь күндөрү Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тилин өнүктүрүү иш-чараларынын жарым айлыгы өткөрүлдү. Жарым айлык 22-сентябрда мамлекеттик тил күнүнө арналган майрамдык чакан программа менен ачылды. Майрамдык программада көркөм

окуу, “Кыргыз бийи”, обондуу ырлар менен бирге макал, жаңылмач, табышмак айтуу орун алды. Мындан тышкары, кыргыз тилинен (мам. тил) 5-б классына “Кош сөздөр”, 11-а классына «Изилдөө долбоору деген эмне?. Таанышуу жана тема тандоо»; кыргыз адабиятынан 5-а классына «Макалдар жана лакаптар», 10-а классына “Молдо Кылычтын чыгармалары боюнча бышыктоо сабагы” темаларында ачык сабактар көрсөтүлдү.

Окуу жылы ичинде окутуу кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлгөн 5, 8, 6 жана 11-класстарынын окуучулары кыргыз тилинен Бишкек шаардык БББнын тапшырмаларынын негизинде билим сапатын текшерүү жат жазууларын жазышты. Жат жазуу 2017-жылдын 26-сентябрында 5-класстан алынды. Окутуу кыргыз тилиндеги 5-класстын билим сапаты – 45%, жетишүүсү – 86%ды, окутуу орус тилиндеги 5-класстын билим сапаты – 48%, жетишүүсү – 86%ды түздү. 28-ноябрда 8-класстан билим сапатын текшерүү жат жазуусу алынды. Окутуу кыргыз тилиндеги 8-класстын билим сапаты – 43%, жетишүүсү – 93%ды, окутуу орус тилиндеги 8-класстын билим сапаты – 48%, жетишүүсү – 95%ды түздү. 2018-жылдын 14-мартында 6-класстан жат жазуу алынды. Окутуу кыргыз тилиндеги 6-класстын билим сапаты – 42%, жетишүүсү – 92%ды, окутуу орус тилиндеги 6-класстын билим сапаты – 43%, жетишүүсү – 91%ды түздү. Билим сапатын текшерүү жат жазуусу 5-апрелде 11-класстан алынды. Окутуу кыргыз тилиндеги 11-класстын билим сапаты – 47%, жетишүүсү – 100%ды, окутуу орус тилиндеги 11-класстын билим сапаты – 43%, жетишүүсү – 93%ды түздү.

**Олимпиада жана кароо-сынактарга катышуу:**

| Өтүлгөн мөөнөтү | Иш-чара | Катышкан окуучу | Жыйынтыгы | Мугалимдин аты-жөнү | Деңгээли (мектептик, райондук, шаардык, республикалык ж.б.) |
|---|---|---|---|---|---|
| 2017-ж. декабрь айы | 4-декабрь «Манас» эпосунун күнүнө жана С.Орозбаковдун 150 жылдыгына карата кароо-сынак | Кайырбекова А., Бакыт уулу Д., Алмазбек уулу Б., Замирова Д. | II орун | Мамбеталиева А.И. | Райондук |
| 2018-ж. январь айы | Мектеп окуучуларынын республикалык олимпиадасынын II этабы | Кайырбекова А.<br>Уланбек уулу Э.<br>Рыскулов А.<br>Маматова М. | Байгелүү орундарга ээ болушкан жок | Турапова Н.К. Мамбеталиева А.И. Өмүркулов И.А. | Райондук |
| 2018-ж. февраль айы | 21-февраль – Эне тили күнүнө карата “Тил – достуктун ачкычы” кароо-сынагы | 9-б классынын окуучулары | I орун | Мамбеталиева А.И. | Мектептик |
| | | 8-б классынын окуучулары | II орун | | |
| | | 11-а, 11-б классынын окуучулары | III орун | | |

12-декабрда заманыбыздын залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнүн урматына «Ч. Айтматов менен бирге» темасындагы жандуу окуу

сабактары орун алды. 7-11-класстардын окуучулары кыргыз адабияты сабагында акын Алыкул Осмоновду эскерүү үчүн анын ырларынан көркөм окушту.

Түрк маданиятынын Эл аралык уюму ТҮРКСОЙ 2018-жылды Чыңгыз Айтматов жылы деп жарыялады. Жарлыкка ылайык, мектепте 2018 – Чыңгыз Айтматов жылына карата иш-чаралар планы иштелип чыкты. Февралда "Чыңгыз Айтматов– кыргыздын өчпөс жылдызы" темасындагы бурч уюштурулду. Жыл ичинде залкар жазуучунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган ачык сабактар жана тарбиялык сааттар өтүлмөкчү. Орус тили, адабияты мугалимдеринин март айында өткөрүлгөн шаардык семинарында Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгына арналган адабий кече орун алды. "Саякбай – XX кылымдын Гомери» кинофильми жыйындар залында 5-11-класстын окуучуларына апрель айында көрсөтүлдү.

Балдар Fm радиосунун Ч. Айтматовдун 90 жылдыгына карата өткөрүлгөн «Президент сүйлөйт» сынагына 11-а классынын окуучусу Кайырбекова Альбина катышып, 9-майда өткөрүлгөн 2-баскычынан соң мыкты лидер катары диплом менен сыйланды.

Мектепте кыргыз адабиятынан окуу китептери жетишсиз. Окутуу кыргыз тилиндеги 7-класс окуу программасына дал келбеген эски "Кыргыз адабияты" (2000-ж. чыккан) окуу китебин окушат. Ал эми кыргыз тилинде окутулган 8 жана 9-класстын "Кыргыз тили" окуу китеби бириктирилген (2002-ж.), ошондуктан бардык окуучуларга жетпейт. 8, 9-класс үчүн өзүнчө басылган Б. Өмүралиевдин (2007-ж.) "Кыргыз тили" окуу китептери окуу программасына дал келет.

26, 28-май күндөрү орус тилинде окутулган 5,6,7 жана 8-класстардан көчүрүү сынактары алынды. Окутуу орус тилиндеги 10-класс I чейректен кийин жоюлган. Көчүрүү сынагы боюнча түшүндүрмө кат жана жат жазуу тексттери Бишкек шаардык БББнан алынды. Сынактардын жыйынтыгы:

5-б классында бардыгы 31 окуучу, сынактан бошотулган жана бааланбаган окуучу болгон жок, билим сапаты 45%ды түздү. 6-б классында бардыгы 25 окуучу, 1 окуучу сынактан бошотулган. Жазгандары -24, билим сапаты 33%.
7-б классында бардыгы 24 окуучу, 2 окуучу бошотулду. Жазгандары -22, билим сапаты 32%. 8-б классында бардыгы 23 окуучу, бошотулган 1 окуучу, 3 окуучу бааланган жок. Алар: Марсбек уулу Кутман ооруганына байланыштуу, сабактарга келбегени үчүн Давлатова Фатима ордунда, сынакка келбегени үчүн Матюнина Екатерина күзгү сыноого калтырылды. Сынакка 19 окуучу катышты, 8-б классынын билим сапаты 52%ды түздү.

Директордун мамлекеттик тил боюнча орун басары, кыргыз тили жана адабияты мугалимдери 2018-2019 – жаңы окуу жылына карата кыргыз тили жана адабияты сабагын окутуунун сапатын жогорулатуу үчүн китепкананы жаңы окуу китептери менен бирге көркөм адабият менен толуктоо; мугалимдердин педагогикалык иштери менен тааныштыруу, тажрыйба алмашуу үчүн мастер-класс жана семинар өткөрүү; музейлерге, тарыхый жерлерге окуу экскурсияларын уюштуруу жана мектеп музейин материалдар менен толуктоо максаттарын коюшту.

№53 ОМ директору — Абдыжапарова Ж.К.
Мам. тил боюнча д.о.б. — Мамбеталиева А.И.

**Бишкек шаарынын Свердлов районуна караштуу № 53 орто мектебинде 2018–2019–окуу жылында кыргыз тили жана адабияты (окутуу орус жана кыргыз тилинде жүргүзүлгөн) сабагынан аткарылган иштерге жылдык анализ-отчёт**

2018-2019-окуу жылынын башында 4 мугалим кыргыз тили жана адабияты сабагынан окутуу жана окуучуларга тарбия берүү ишин башташкан. Жыл аягына чейин мугалимдер курамы өзгөргөн жок. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда 2 мугалим, окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстарда 2 мугалим кыргыз тили, адабиятынан сабак беришти. Алардын ичинде бир жаш мугалим эмгек жолунун экинчи жылын жыйынтыктады.

Быйылкы окуу жылынын сентябрь айынан баштап “Манас таануу” адабий ийрими старт алып, анда кыргыз тили, адабияты мугалими Өмүркулов И.А. жетекчи болду. Жыл башында 2-11-класстардан 22 окуучудан турган толук курам түзүлдү жана алар эки тайпадан турду. Ийримдин негизги максаты кыргыз элинин баа жеткис улуу мурасы, көөнөргүс бай казынасы болгон «Манас» эпосун окуп үйрөнүү, сюжеттик-композиялык ар кандай түзүлүшү менен кеңири таанышып чыгуу, кароо-сынактарга, жарыштарга катышуу болду. Жыл ичинде бул максаттардын ишке ашырылышына көп аракеттер жумшалды.

2018-жылдын 12-сентябрынан 12-декабрына чейин кыргыз элинин атактуу, залкар жазуучусу, гуманист Чыңгыз Айтматовдун 90 жылдыгынын урматына Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили боюнча Улуттук комиссия тарабынан “Эне тил жана Айтматов” үч айлыгы жарыяланды. Анын алкагында мектепте көркөм окуу жана сүрөт кароо-сынактары уюштурулуп, көркөм окуу райондук кароо-сынагына 5-класстын окуучулары “Ак кеме” повестиндеги үч каарманды чагылдырып көркөм окушту, бирок байгелүү орун алышкан жок.

Мектепте 2018-жылдын 29-ноябрында кластердик мектептердин мугалимдери үчүн шаардык семинар болуп өттү. Семинарга №21, 22, 41, 68, 76, 77, 79, 82, 85, 87 мектептеринин мугалимдери катышышты. Семинардын программасына ылайык тилчи мугалимдердин методикалык куралдарынын көргөзмөсү уюштурулду, мектеп жөнүндө маалымат берилди, Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына арналган маданий иш-чара жана ачык сабактар көрсөтүлдү. Аягында “Билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун стратегиялары жана методдору” деген темада мектептин методисти Айманбетова Б.А. ИКТнын жардамы менен доклад жасады жана ийримдердин, усулдук бирикмелердин ишин көрсөтүп берди.

“Тил жана Айтматов” үч айлыгынын алкагында белгилүү инсандар менен жолугушуу иш-чарасы планда каралып, бирок бир катар себептерге байланыштуу өтүлгөн жок. Окутуу кыргыз тилиндеги 5, 6, 9-класстардын окуучулары М. Жангазиев атындагы куурчак театрына барып, атактуу жазуучунун «Кылым карытар бир күн» романы боюнча коюлган «Найман-Эне» спектаклин көрүп кайтышты.

Мамлекеттик тил мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 29 жылдыгы жана белгилүү жазуучу Чыңгыз Айтматовдун 90 жылдыгына карата “Тил жана Айтматов" үч айлыгы 2018-жылдын 12-декабрында адабий-музыкалык кеченин өтүлүшү менен жыйынтыкталды. Анда сахналаштыруу, «Манас» эпосунан үзүндү айтуу, Ч. Айтматовдун чыгармалар парады, көркөм окуу, обондуу ырлар аткарылды. Кеченин аягында мектеп директору Абдыжапарова Ж.К. тарабынан

үч айлыкка активдүү катышкан бардык мугалимдер жана окуучулар баалуу белектер менен сыйланышты.

Январь айында кыргыз тили жана адабияты мугалимдери Турапова Н.К., Өмүркулов И.А. «Кыргыз тилин чет тили катары окутуунун жаңычылдыктары жана маселелери» темасындагы семинар-тренингден окуп келишти. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символдору мектеп ичинде, окуу бөлмөлөрүндө жаңыртылып жасалды.

Мектепте 7-21-февраль күндөрү кыргыз тили жана адабияты сабагынын декадасы болуп өттү. Декаданын максаты жана тапшырмасы мамлекеттик тилди өнүктүрүү, мугалимдердин ишмердүүлүгүн активдештирүү жана алардын бири-бири менен тажрыйба алмашууларын иш жүзүнө ашыруу аркылуу окуучулардын билим деңгээлин өстүрүү болду. Декаданын алкагында 3, 7, 11-класстарга кыргыз тили, адабиятынан ачык сабактар жана 5-7-класстардын окуучуларынын катышуусу менен «Дил бермети – эне тили» фестивалы өткөрүлдү. Жыйындар залында өтүлгөн иш-чарада кыргыз, орус, уйгур, казак, түрк жана өзбек элдеринин улуттук кийимдери, салттары чагылдырылып, көркөм окуу жана улуттук бий номерлери аткарылды.

26-февралда «Кыргыз тили адабиятын окутууда жаңы натыйжаларга жетишүү» мастер-классы менен декада жыйынтыкталды. Мастер класстан соң мугалимдер өздөрүнүн окутуу ишмердүүлүгүндө кандай жаңы натыйжаларга жетишкендерин жана ушул жааттагы көйгөйлөрү тууралуу «Т» схемасы аркылуу жазып келмекчи болушту.

Кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин өз билимдерин өркүндөтүүсүнүн үстүндө иш алып баруулары боюнча Мамбеталиева А.И. өзүнүн методикалык темасына ылайык "Кыргыз элинин ата-баба мурастары" аттуу слайд-презентациясын даярдап, 7-майда болуп өткөн "Ачык эшиктер күнүндө" усулдук бирикме мугалимдеринин назарына койду. Бул күнгө карата "Манас" эпосу, кыргыз элинин алгачкы агартуучулары жана элдик оозеки чыгармачылык боюнча материалдар даярдалып, жыйындар залындагы көргөзмөдөн орун алды.

КТРКнын "Балдар FM" радиосунун «Акыл таймаш» долбооруна кыргыз тили, адабияты мугалими Аязбекова А.А. жетектеген 6-а классынын окуучулары катышып, атаандаштарын жеңе алышкан жок.

1-11-класстардын катышуусунда Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Туусу жана Ак калпак күндөрүнө карата салтанаттуу тизим 5-мартта мектептин алдында өтүлдү. Тизимде кыргыз желегинин жана ак калпактын мааниси жөнүндө айтылып, көркөм окуу жана обондуу ыр аткарылды.

25-мартта мектепте «Кыргыз тили предметин жаңы стандарттын негизинде окутуунун айрым маселелери» темасындагы Бишкек шаарынын окутуу кыргыз тилиндеги мектептеринин мугалимдери үчүн семинар болду. Семинарга 100 гө жакын мугалимдер келишти. Иш-чаранын уюштуруучулары Бишкек шаарынын мэриясынын БББнын мамлекеттик тил боюнча башкы адиси Сапалова Ж.А., мектептин директору Абдыжапарова Ж.К. жана кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикменин жетекчиси Мамбеталиева А.И. болушту. Семинарга педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Абдухамидова Б.А. жана Свердлов райондук БББнун мамлекеттик тил боюнча адиси Абылкасымова Э.Т. чакырылышты. Семинарда мугалим Мамбеталиева А.И. жат жазуу жаздыруу

эрежелери жана катанын үстүндө иштөө боюнча иштелмени слайд аркылуу баяндады.

Февраль, март айларында окутуу кыргыз тилиндеги кыргыз тили, адабияты сабагынын окуу бөлмөсү эмеректер жана дидактикалык материалдар менен толукталды. Ачык сабактар жаңы стандарттагы компетенттүүлүктөрдүн негизинде пландалып өтүлдү.

Апрелде "Окутуу орус тилиндеги 5-11-класстар үчүн кыргыз тили, адабияты предметин окутуунун жаңы стандарттары" деген семинар-тренингге мамлекеттик тил мугалими Мамбеталиева А.И. катышып, окуп келди. Бул айда усулдук бирикме мугалимдеринин портфолиолору жаңыртылды.

Мамлекеттик тилден 5-8, 10-класстардын көчүрүү экзамендери 27, 28-май күндөрү өткөрүлдү. Экзамен грамматикалык тапшырмалары бар (5-класстан тышкары) жат жазуу түрүндө болду. Жыйынтыгында билим сапаттарынын пайызы чыгарылды: 5-б классы 36%, 6-б классы 48%, 7-б классы 50%, 8-б классы 42%, 10-б классы 55%.

Кыргыз тили жана адабиятынан жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияда 9-а классы дилбаяндын элементтерин камтыган баяндама (Ч.Айтматов "Эрте келген турналар"), 11-а классы поэзиялык, прозалык, публицистикалык тексттердин негизинде эссе жазышты. Окутуу орус тилиндеги 9-б классы кыргыз тилинен комплекстүү жазуу тестин аткарышты. Экзамендердин жыйынтыгы төмөндөгү пайыздарды түздү:

| № | Класс | Окуу-чу саны | предмет | Баалары | | | | Жетишүү % | Сапаты % | Окуткан мугалими |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | «5» | «4» | «3» | «2» | | | |
| 1 | 11-а | 18 | Кыргыз адабияты | 6 | 4 | 8 | - | 100% | 55% | Өмүркулов И.А. |
| | | | Кыргыз тили | 5 | 5 | 8 | - | 100% | 55% | |
| 2 | 9-а | 25 | Кыргыз адабияты | 2 | 11 | 12 | - | 100% | 52% | Өмүркулов И.А. |
| | | | Кыргыз тили | 2 | 8 | 15 | | 100% | 40% | |
| 3 | 9-б | 23 | Мам.тил | 18 | 3 | 2 | - | 100% | 91% | Турапова Н.К. |

Директордун мамлекеттик тил боюнча орун басары, кыргыз тили жана адабияты мугалимдери 2019-2020-жаңы окуу жылына карата сабактарды окутуунун сапатын жогорулатуу үчүн китепкананы методикалык куралдар жана көркөм адабий чыгармалар менен толуктоо, бири-бири менен тажрыйба алмашуу, өз алдынча билимин өркүндөтүү, мамлекеттик тилге байланыштуу иш-чараларды жогорку деңгээлде өтүү, музейлерге экскурсияларды уюштуруу, ийрим жана окуу бөлмөлөрүн дидактикалык материалдар менен толуктоо максаттарын коюшту.

№53 ОМ директору: Абдыжапарова Ж.К.

Мам. тил боюнча д.о.б.: Мамбеталиева А.И.

**Бишкек шаарынын Свердлов районуна караштуу № 53 орто мектебинде 2019–2020–окуу жылында кыргыз тили жана адабияты (окутуу орус жана кыргыз тилинде жүргүзүлгөн) сабагынан аткарылган иштерге жылдык анализ-отчёт**

2019-2020-окуу жылында 5 мугалим кыргыз тили жана адабияты сабагынан окутуу жана окуучуларга тарбия берүү ишин аткарышты. Эки жаш мугалим окуу жылынын башында ишке киришкен. Экинчи жарым жылдыгында жаш мугалимдердин биринин ордун тажрыйбалуу мугалим, Эл агартуунун отличниги ээледи. Бул окуу жылында усулдук бирикмеге кошулган мугалимдер булар:

| № | Мугалимдин аты-жөнү | Туулган күнү, айы, жылы | Билими, ЖОЖ канчанчы жылы аяктаган | Диплому боюнча адистиги | Окуткан предмети | Стажы | | Дареги |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | Жалпы | Пед-к | |
| 1 | Урматбек кызы Нагима | 01.01.1997 | К.Карасаев ат. БГУ, 2019-жыл | Кыргыз тили, адабияты мугалими | Кыргыз тили жана адабияты (кыргыз) | 1 | 1 | Манас ат.көчө 64 0704 126172 |
| 2 | Малдыбаева Кайырбүбү Аалиевна | 13.08.1954 | К.Тыныстанов ат. университет 1978-жыл | Кыргыз тили, адабияты мугалими | Кыргыз тили жана адабияты (мам. тил) | 42 | 42 | Чыгыш-5 к/р 18-үй, кв.40 0709 40-51-55 |

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда 2 мугалим, окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстарда 3 мугалим кыргыз тили, адабиятынан сабак беришти.

2019-жылдын 4-сентябрында мектептин администрациясы жана мугалимдеринин катышуусундагы өндүрүштүк чогулушта Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" мыйзамынын 30 жылдыгын уюштуруу жана өткөрүүнүн иш планын түзүү жөнүндө чечим кабыл алынды. Иш планы мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары тарабынан түзүлдү жана анын негизинде төмөндөгү иштер аткарылды:

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" мыйзамынын 30 жылдыгына карата өткөрүлгөн салтанаттуу иш-чаралардын алгачкысы болуп 9-сентябрда Комуз күнү белгиленди. Президенттин жарлыгы менен кыргыз маданиятында алгач белгиленип жаткан Комуз күнүндө "Жаш тилек" комуз ийриминин ачылышы орун алды. Комуз ийриминин жетекчиси Солтонкулова П. Ж. ийримдин ачылышына карата 4-7-класстардын окуучуларына сабак өттү. Ал окуучуларды комуз менен кеңири тааныштырып,

бир нече күү аткарып берди. Окуучулар сабакта кыргыздын барктуу музыкалык аспабы болгон комузга байланыштуу кызыктуу маалыматтарды алышты.

Мектептин фойесинде кыргыз элинин улуттук мурастары боюнча көргөзмө бурч уюштурулуп, сентябрь ай ичинде өз ордун ээлеп турду. 23-сентябрь – Мамлекеттик тил күнүндө мектепте салтанаттуу тизим өткөрүлдү. Майрамдык тизимге башталгыч класстын окуучулары жигердүү катышышты. Алар көркөм окушту жана "Манас" эпосунан үзүндү аткарышты. Бул иш-чарага улай "Кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармаларынан сюжеттүү сүрөттөр" сүрөт кароо-сынагы 4-7-класстын окуучулары арасында уюштурулду. Жыйынтыгында, 6-а классынын окуучусу Жумадилов Элмирбектин (Мукай Элебаев "Бороондуу күнү") жана 7-а классынын окуучусу Асанбекова Адеминин (Жалил Садыков "Манастын уулу Семетей") тарткан сүрөттөрү "эң жакшы" болуп бааланды.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" мыйзамынын 30 жылдыгын белгилөөнүн алкагындагы райондук жөө жүрүш иш-чарасына жана мектептер арасындагы эссе жазуу кароо-сынагына 9, 11-класстардын окуучулары катышышты.

Окуу жылдын башында "Жаш кыял" музыкалык ийрими дагы ачылып, ийримдин жетекчиси Урматбек кызы Айжаркын болду.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" мыйзамынын 30 жылдыгын жыйынтыктоо иш-чарасы мектептин жыйындар залында өткөрүлдү. Иш-чарада окуучулар "Манас" эпосунан үзүндү аткарышты, комузда кол ойнотушуп, көркөм окушту. "Жаш кыял" ийрими "Эне тили" ырын хор менен аткарышты.

21-февраль – Эне тили күнүнө карата мектептин жыйындар залында 2020-жылдын 19-февралында «Тил – достуктун ачкычы» аттуу улуттар аралык достук мамилелерине арналган иш-чара өткөрүлдү. Достук фестивалында 5-10-класстардын окуучулары кыргыз, өзбек, орус, англис, индус, кытай жана корей улуттары жөнүндө маалымат беришип, алардын маданиятын чыгармачылык менен көрсөтүп беришти. Жыйындар залында ар улуттун эне тилине арналган бурчтар уюштурулуп, башталгыч класс мугалимдери ачык класстык сааттарды өткөрүштү.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусу 1992-жылдын 3-мартында КРнын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган. Авторлору: Э.Айдарбеков, Б.Жайчыбеков, С.Иптаров, Ж.Матаев жана М.Сыдыков. 3-Март – Мамлекеттик туу күнүндө мектепте мамлекеттик тил мугалимдери тарабынан салтанаттуу тизим уюштурулду. Эртең менен мугалимдер жамааты жана окуучулар мектептин алдына тизимге чыгып турушту. Ачылышындагы алгачкы сөздү директор Ж.К.Абдыжапарова сүйлөдү. Тизимде мамлекеттик негизги белги болгон Тууга байланыштуу маалыматтар берилип, анын мааниси жөнүндө ырлардан жана учкул сөздөрдөн окуучулар көркөм окушту. "Жаш тилек" комуз ийриминдеги окуучулар комузда ойношту.

5-Март - Ак калпак күнүндө жыйындар залында эркектердин улуттук баш кийиминин келип чыгышы жана бүгүнкү күндөгү мааниси тууралуу слайддар көрсөтүлүп, окуучулар көркөм окушту. "Жаш кыял" музыкалык ийриминин тарбиялануучулары "Кыргызстан обондору" ырын жандуу аткарып беришти. Бул күнү кыргыз тили сабактарында окуучулар ак калпак жөнүндөгү тексттер менен иштешип, тесттик тапшырмаларды аткарышты.

Республикадагы түзүлгөн кырдаалга байланыштуу III чейректин аягында билим берүү уюмдары карантинге жабылды. 21-Март–Нооруз майрамы карантин учуруна дал келгендиктен, белгиленген иш-чара видео түрүндө болду. Мамлекеттик тил усулдук бирикмесинин мугалимдери бул видеого 1-4, 7 жана 9-класстын окуучуларын катыштырып, видеороликти даярдап чыгарышты.

IV чейрек 8-апрелден 30-майга чейин созулду, бул убакыт аралыгында кыргыз тили жана адабияты мугалимдери интернет аркылуу аралыктан окутуу ишин жүргүзүштү.

Албетте, бул учурда аткарылган иштер мурункудан айырмаланды. Биринчиден, көпчүлүк ата-энелер балдарынын билим алуусуна катышпаган болсо, аралыктан окутууда мугалим менен тыгыз кызматта болушту. Себеби, ата-энелер дагы күнүмдүк иштеген жумуштарынан бошоп, балдары менен сабактарын даярдашып, жыйынтыгын телефон аркылуу жиберип турушту. Кээ бир ата-энелердин чыгармачылыгы байкалды, мугалимдердин окутуу ишиндеги кайтарым байланышты ишке ашыруусуна кээ бир ата-энелер жардам беришти. Жалпысынан, усулдук бирикме жетекчиси катары байкаганым, көпчүлүк окуучулар жана алардын ата-энелери сабак берген мугалимдердин талаптарын колдон келишинче аткарып жатышты. Ата-энелер балдарынын билимге болгон мамилесин, билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн байкашты. Түшүнбөстүктөр сүйлөшүүлөр аркылуу чечилди. Айрым окуучулар класстык көнүмүш сабактагыга караганда, өздөрүнүн жигердүүлүгүн көрсөтүштү. Мугалимдин эмгегин баалашты.

Google Класс жана WhatsApp тиркемелери аркылуу инсанга багытталган окутуу боюнча ар бир сабакта жаңы тема берилип, тапшырмалар окуучунун дүйнө таанымын өстүрүп, өз алдынчалыкка үйрөттү. Бул болсо өсүп келе жаткан муундун тил билүүсүнө, өз эне тилин сүйүүгө жана анын түгөнгүс байлыгын зарыл учурда колдоно алууга шарт түздү. Муну менен катар эле, окуучулар жаңы технологияларды өздөштүрүп алышты. Мисалы, 11-класстын окуучулары 23-апрель – Дүйнөлүк китеп күнүнө, 9-Май – Улуу Жеңиштин 75 жылдыгына жана Акыркы коңгуроого карата видеопрезентация (слайд) жасап жөнөтүштү.

Мамлекеттик тил усулдук бирикменин мугалимдери IV чейректин жана аралыктан окутуунун аягында убактылуу журнал, окуучулардын сабакка катышууларына көзөмөл жүргүзүү, онлайн сабактардын тизмеси жана КТПдагы сабактардын тизмеси боюнча отчётторду даярдап өткөрүштү. Мугалимдер

аралыктан окутуу ишинде керектүү болгон компьютердик программаларды өздөштүрүштү.

IV чейрекке карата окутуу кыргыз жана орус тилдериндеги класстардын кыргыз тили боюнча билим сапаты 52%ды, кыргыз адабиятынан окутуу орус тилиндеги класстардын билим сапаты 44,5%ды, ал эми окутуу кыргыз тилиндеги класстардын билим сапаты 52%ды түздү.

2019-2020-окуу жылы үчүн окутуу кыргыз тилиндеги класстардын кыргыз тили боюнча билим сапаты 53,7% болсо, кыргыз адабияты боюнча 51,4% болду. Ал эми окутуу орус тилиндеги класстардын кыргыз тилинен билим сапаты 50,6%ды, кыргыз адабиятынан 48%ды түздү.

Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери 2020-2021-жаңы окуу жылына карата сабак берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн окутуунун жаңы технологияларын өздөштүрүү, бири-бири менен тажрыйба алмашуу, өз алдынча билимин өркүндөтүү, мамлекеттик тилге байланыштуу иш-чараларды жогорку деңгээлде өтүү жана музейлерге экскурсияларды уюштуруу, кыргыз тили окуу бөлмөлөрүн дидактикалык материалдар менен толуктоо максаттарын коюшту.

Мамлекеттик тил б-ча директордун орун басары Мамбеталиева А.И.

**Бишкек шаарынын Свердлов районуна караштуу № 53 орто мектебинде 2020–2021–окуу жылында кыргыз тили жана адабияты (окутуу орус жана кыргыз тилинде жүргүзүлгөн) сабагынан аткарылган иштерге жылдык анализ-отчёт**

2020-2021-окуу жылынын башында 5 мугалим кыргыз тили жана адабияты сабагынан окутуу жана окуучуларга тарбия берүү ишин башташкан. Жыл аягына чейин мугалимдер курамы өзгөргөн жок. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда 2 мугалим, окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстарда 3 мугалим кыргыз тили, адабиятынан сабак беришти. Алардын ичинде бир жаш мугалим эмгек жолунун экинчи жылын жыйынтыктады.

Свердлов районунун №53 ЖОББМ де окуучуларды онлайн окутууну уюштуруу максатында Мамлекеттик билим берүү стандартын аралыктан окутууну уюштуруу аркылуу ишке ашыруу камсыздалууда. №53 ЖОББМ де кыргыз тили, мамлекеттик тили мугалимдери жана мектеп администрациясы өздөрүнүн иш-аракеттерин Кыргыз Республикасыные билим берүү жана илим министрлигинин жана Бишкек шаардык мэриясынын билим берүү башкармалыгынын буйруктарынын негизинде алып барды.

1 чейректе усулдук бирикмедеги ар бир мугалимдин жумалык-жүктөмү такталып,окуу программалары менен толук таанышышты. Мамлекеттик стандарттын негизинде негизги жана предметтик компетенттүүлүк боюнча түшүнүктөр киргизилди. Негизги жана предметтик компетенттүүлүк, маалыматтык, социалдык-коммуникативдик , өз ишин уюштуруу жана маселелерди чече билүүнүн түрлөрү боюнча түшүнүк берилди. Жаш мугалимдер Урматбек к.Нагима жана Аязбекова Акбарыга Турапова Нургул Канатбековна насаатчы болуп бекитилди.

№53 орто мектебинде 23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө карата төмөнкү иш чаралар өткөрүлдү:

1.Тематикалык бурч: "Тил байлыгы-эл байлыгы"
2. "Улут болсом тилим менен улутмун" онлайн көркөм окуу конкурсу
3. Класстык саатар: "23-сентябрь – Мамлекеттик тил күнү"
4."Эне тилим кымбатым" онлайн көркөм окуу.
5."Эне тилим- эне сүтүм" окуучулардын онлайн видео куттуктолору.

10-а билим сапаты 50% жетишүүсү 100%

Жогорудагы көрсөткүчтөрдүн жыйынтыгы боюнча алсак 2020-2021-окуу жылынын I жарым жылдыгында өсүш болгон. Мунун себеби I жарым жылдыкта окуучулардын билим сапаты жогорулаган, сабактар онлайн отулуп,сабакка болгон кызыгуулары арткан. Окуу жылынын 1-жарым жылдыгында бул көрсөткүчтүн негизинде ар бир мугалимге жетишпеген окуучулар менен иштөө милдеттендирилди.

Свердлов районуна караштуу №53 ЖОББМде "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил жөнүндө" мыйзамынын негизинде онлайн иш чаралар өткөрүлдү.

Биздин мектепте мамлекеттик тилдин 31 жылдыгына карата онлайн иш-чаралардын алгачкысы болуп «Эне тилим-эне сүтүм» аттуу окуучулардын онлайн видео куттуктоолору уюштурулду.

"23-сентябрь Мамлекеттик тил күнү" деген темада 1-11-класстарына онлайн класстык саттар өткөрүлөт.

"Тил байлыгы — эл байлыгы" деген темада тематикалык бурч мугалимдер тарабынан уюштурулду.

«Улут болсом тилим менен улутмун» онлайн көркөм окуу. Музыка мугалими Урматбек к.Айжаркын. (онлайн көркөм окуду).

«Эне тилим — кымбатым» деген темада 8-10-класстардын арасында онлайн көркөм окуу конкурсу уюштуруулду. 5- класстар арасында"Менин сүйүктүү Кыргызстаным" аттуу сүрөт конкурсу уюштурулду. Конкурска окуучулар активдүү катышып,өздөрүнүн аракетин көрсөтө алышты.

Мамлекеттик тил күнүнө арналган онлайн иш чаралардын жыйынтыгы 30-сентябрда чыгарылды. Аталган онлайн иш чараларга мыкты катышкан окуучуларга сыйлоо баракчалары тапшырылды.

Ошондой эле кыргыз тили жана адабият мугалими Урматбек к.Нагима телесабактарды өттү.

1. Фонетика,графика жөнүндө түшүнүк – 23.10.2020
2. Тыбыштарды үндүү, үнсүз болуп бөлүнүшү – 30.10.2020
3. Сөздүн курамы. Унгу жана мүчө – 15.02.2021
4. Таандык мүчөлөр -18.03.2021

4-декабрь Манас күнүнө карата мектепте онлайн иш чаралар өткөрүлдү.
5-11-класстар арасында "Манас "эпосунан үзүндү айтуу (онлайн) уюштурулду.
Окуучулар активдүү катышып, өз өнөрлөрүн көрсөтө алышты. Онлайн видео куттуктоолор уюштурулуп, иш – чаралар өткөрүлдү.
"Манас- кыргыз рухунун туу чокусу"деген темада 9-11-класстар эссе жазышты. Окуучулар эссе жазып, өз убагында жиберип,өз активдүүлүктөрүн көрсөтүштү.
5-6-класстар үчүн "Манас" кыргыз элинин баатырдык эпосу деген аталышта сүрөт конкурсу өткөрүлдү. Окуучулар тарткан сүрөттөрүн жиберип, конкурска активдүү катыша алышты.
Декабрь айында улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун 92-жылдыгына жана Алыкул Осмоновдун 105 жылдыгына карата мектепте онлайн иш чаралар өткөрүлдү.
Свердлов районуна караштуу №53 орто мектебинде Адабият күнүнө карата саат 11.20 дан 13.00 убагында мугалимдер жамаатынын жана окуучулардын катышуусунда ачык сабактар зум платформасы менен өтүлдү. Ачык сабакта мектеп окуучулары залкар жазуучу Чыңгыз Айтматов жана анын каармандары тууралуу чыгармалардан кыргыз, орус тилдеринде көркөм окушту.
Алыкул Осмонов 105 жашта деген аталышта окуучулар акындын ырлырын көркөм окушту (онлайн) .
5-6-8-класстардын окуучулары иш чарага активдүү катышышты. Алыкулдун кайталангыс ырларын көркөм окушту.
Кыргыз элинин улуу жазуучусу Ч.Т.Айтматовду эскерүүгө карата "Айтматов менен кездешүү" аттуу жыл сайын өтүүчү райондук адабий иш чарага окуучулар катышты. 9-а класстын окуучусу Суеркулова Жаркынай жана 8-б класстын окуучусу Нурланов Бекболот катышты.
12-декабрь – Адабият күнүнө карата өткөрүлгөн иш чарага активдүү катышып, улуу жазуучунун чыгармаларын жана залкар акыныбыздын ырларын даназалай алышты.
Мектепте кыргыз тили жана адабият, мамлекеттил жана адабият сабактардын жүгүрмөсү окуу планына ылайык түзүлүп, дубалга жана мектептин сайтына жайгаштырылган. Кыргыз тили жана адабият, мамлекеттик тил жана адабият сабактарына окучулардын катышуусу эсепке алынып турат. Кадимки класстык журналдарга өтүлгөн темалар, уй тапшырмалары жазылган жана баалары коюлган. Окуучулардын үй тапшырмалары өз убагында текшерилип турат. Кайтарым байланыш негизинен whatsapp жана classroom,google meet,zoom платформалары аркылуу ишке ашырылып электрондук журналга класстык журналга баалар коюлат. Окуутуда койгойлорго кабылган окуучулар менен жекече иш-чаралар жургузулот. Ар бир кыргыз тили жана адабият мугалимдеринин жекече расписаниеси түзүлгөн ( кайсы платформа менен иштейт)

**Бишкек шаарынын Свердлов районуна караштуу №53 орто мектебинде 2021-2022-окуу жылында кыргыз тили жана адабияты (окутуу орус жана кыргыз тилинде жүргүзүлгөн) сабагынан аткарылган иштерге I жарым жылдык анализ-отчет**

Свердлов районунун №53 ЖОББМ де окуучуларды окутууну уюштуруу максатында Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык окутууну уюштуруу аркылуу ишке ашыруу камсыздалууда. №53 ЖОББМ де кыргыз тили, мамлекеттик тили мугалимдери жана мектеп администрациясы өздөрүнүн иш-аракеттерин Кыргыз Республикасыные билим берүү жана илим министрлигинин жана Бишкек шаардык мэриясынын билим берүү башкармалыгынын буйруктарынын негизинде иш аткарылды.

2021-2022-окуу жылынын сентябрь айында 5 мугалим кыргыз тили, адабиятынан окутуу ишин башташты:

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда 2 мугалим, окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстарда 3 мугалим кыргыз тили, адабиятынан сабак беришет.

2020-жылдын 15.09.- 30.09. күндөрү кыргыз тили жана адабияты сабагынын декадасы өткөрүлдү. **Декаданын максаты :** Мамлекеттик тилди өнүктүрүү, мугалимдердин ишмердүүлүгүн активдештирүү жана алардын бири-бири менен тажрыйба алмашууларын иш жүзүнө ашыруу.

1 чейректе усулдук бирикмедеги ар бир мугалимдин жумалык-жүктөмү такталып,окуу программалары менен толук таанышышты. Мамлекеттик стандарттын негизинде негизги жана предметтик компетенттүүлүк боюнча түшүнүктөр киргизилди. Негизги жана предметтик компетенттүүлүк, маалыматтык, социалдык-коммуникативдик , өз ишин уюштуруу жана маселелерди чече билүүнүн түрлөрү боюнча түшүнүк берилди. Жаш мугалимдер Ибираим к.Жайнагүлгө Турапова Нургул Канатбековна насаатчы болуп бекитилди.

№53 орто мектебинде 23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө карата төмөнкү иш чаралар өткөрүлдү:

1. 23-сентябрь – Мамлекеттик тил күнүнө карата арналган салтанаттуу тизим өткөрүлдү.
2. "Тил байлыгы- эл байлыгы" сүрөт көргөзмөсү
3. Класстык сааттар: "Улут наркы- улуу тил"
4."Класстык сааттар: "23-сентябрь Мамлекеттик тил күнү".
5."Эне тилим- эне сүтүм" көркөм окуу.

2021-2022-окуу жылынын 1-чейреги үчүн окуучулардын жетишкендиктери жана кыймылы:

Кыргыз тили ( окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстар) 1 чейректе жогорудагы көрсөткүчтөрдүн жыйынтыгы боюнча алсак 2021-2022-окуу жылынын I жарым жылдыгында өсүш болгон. Мунун себеби I жарым жылдыкта окуучулардын билим сапаты жогорулаган, сабактар офлайн өтүлүп,сабакка болгон кызыгуулары арткан. Окуу жылынын 1-жарым жылдыгында бул көрсөткүчтүн негизинде ар бир мугалимге жетишпеген окуучулар менен иштөө милдеттендирилди

"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил жөнүндө" мыйзамынын негизинде иш - чаралар өткөрүлдү.

"23-сентябрь Мамлекеттик тил күнү" деген темада 1-11-класстарына класстык сааттар өткөрүлөт.

"Тил байлыгы — эл байлыгы" деген темада сүрөт көргөзмөсү уюштурулду.

«Эне тилим- эне сүтүм » деген темада 8-10-класстардын арасында көркөм окуу конкурсу уюштутурулду. Конкурска окуучулар активдүү катышып,өздөрүнүн аракетин көрсөтө алышты.

Мамлекеттик тил күнүнө арналган иш -чаралардын жыйынтыгы 30-сентябрда чыгарылды. Аталган иш -чараларга мыкты катышкан окуучуларга сыйлоо баракчалары тапшырылды.

Мектепте "Манас таануу"ийрими иштейт. Ийримдин жетекчиси Малдыбаева К.А. Ошондой эле "Манас таануу"кабинети да бар. Мамлекеттик тил кабинети жана кыргыз тили жана адабияты кабинети дагы бар.

4-декабрь Манас күнүнө карата мектепте иш- чаралар өткөрүлдү.

5-11-класстар арасында "Манас "эпосунан үзүндү айтуу уюштурулду.

Окуучулар активдүү катышып, өз өнөрлөрүн көрсөтө алышты. "Манас" эпосу- кыргыз элинин улуу мурасы"деген темада 9-11-класстар эссе, реферат жазышты. Окуучулар эссе, реферат жазып өз активдүүлүктөрүн көрсөтүштү.

Манас таануу кабинетине бурч уюштурулду. Ошондой эле Манас таануу кабинетине саякаттоо дагы уюштурулду.

4-5-класстарга "Тамгалар Манастан башталат" деген темада Малдыбаева Кайыр Аалиевна ачык сабак өттү.

Декабрь айында улуу жазуучубуз Чынгыз Айтматовдун 93-жылдыгына жана Алыкул Осмоновдун 106 жылдыгына карата мектепте иш- чаралар өткөрүлдү.

№53 орто мектебинде Адабият күнүнө карата саат 14.00 до "Алыкулдун акбоз ат" деген темада ачык сабак өтүлдү. Мугалими Малдыбаева К.А. 7-а класстын окуучулары акындын ырлырын көркөм окушту.

Кыргыз элинин улуу жазуучусу Ч.Т.Айтматовду эскерүүгө карата "Айтматов менен кездешүү" аттуу жыл сайын өтүүчү адабий иш чарага окуучулар катышты. 10-а класстын

окуучусу Суеркулова Жаркынай жана 5-б класстын окуучусу Болотбек у.Кубаныч Ч.Айтматовдун чыгармаларынан үзүндү айтышты.

"Аалам алпы - Айтматов" деген аталышта дубал газеталар бурчу уюштурулду. Ошондой эле кыргыз элинин улуу жазуучусу Ч.Айтматовдун өмүрү жана чыгармачылыгына окуучулар арасында реферат, доклад жазышты.

Окуучулар Ч.айтматовдун чыгармаларынан үзүндү айтышты, "Кызыл алма" чыгармасын сахналаштырышты.

12-декабрь – Адабият күнүнө карата өткөрүлгөн иш чарага активдүү катышып, улуу жазуучунун чыгармаларын жана залкар акыныбыздын ырларын даназалай алышты.

Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Эсенгулова С.С